Ийри-Суу негизги мектебинин 8- классынын ата-энелеринин жыйналышынын

**ПРОТОКОЛУ**

3.02.2023.

Катышкандар-9

Чогулуштун төрагасы: Чотуралиев И. А

Каралуучу маселелер:

1. Балдарга карата ырайымсыз мамилелерден сактоо, зордук-зомбулуктардын алдын алуу.

2.”Бир адамдан- бир китеп” акциясына катышуу.

Чогулушту класс жетекчи Таалайбекова Б. Т  ачты:

Урматтуу ата-энелер ,балдарга каршы зордук-зомбулук иштерге каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. Ата-энелер сиздердин жакшы карабаганыныздардан балдар кыздарыбыз сабактан сырткары жагымсыз окуяга кабылып калып жатат. Кыздар телефондогу бири-бирине берген маалыматтар менен урушуп жатышат.Силер баланын телефонундагы байланышкан адамдар, сүйлөшүүлөрдү текшерип тургула. Кайда, ким менен жүрөт, ким дос баарын билишинер керек.

Балдардын терс көрунүш жасоосуна, албетте кароосуз калуусу себеп. Карап көрсөк ата-энеси россияда, чон-эне, чон-атада, таята- таэнеде же, агада-энеде калган балдар. Ошол себептен балдарды коргоо жылы деп баса белгиленген . Кээ бир ата-энелер бала тартип бузса мамлекет органдары “айып пул” сала тургандыгын билишпейт,эскертүү кечирим дешет. Ошол эскертүү, кечирим сөзгө чейин баланы карашыбыз керек да. Дайыма көзөмөлдөгүлө! Азыркы коомдо бардык маалымат ачык чыгып жаткандыктан балдар терс нерсени да тез кабыл алып жатат. Телефондон түрдүү маалымат алып жатат, жаш балага терс таасир берет. Мектепке телефон көтөртпөгүлө.Келишимдегини толук аткаргыла да ата-энелер.

Ата-эне Сыдыкова Г.

Туура ата-энелер баланын тарбиясына жооп беребиз, мектеп билим сапатына жооп берет. Биз тартип бузса дароо мектепке оодара салабыз да, өзүбүз эч нерсе билбегендей отурабыз. Мектептен баланын билими жакшы болсо эч качан мугалимин мактабайбыз. Карайлы балдарды, кечинде чыгарабыз, күндүзү колуна акча берип Кара-Балтага жөнөтөбүз. Биз өзүбуз балдарды карайлы, телефонун текшерели, мектепке алып келбесин. Мен сунуш кылам эгер мектепке алып келсе мугалимдер алып койсун, күбөлүк алган күнү беришсин. Келишимди аткаралы.Ата-энелер бул сунушка макул болушту.

Экинчи маселе боюнча да маалыматын угушту.Мектеп фондуна адабий көркөм чыгарманы алып келип акцияга активдүү катышабыз дешти. Жыйналыш сунуш-пикирлерди угуп, талкуулап

**Токтом кылат:**

1. Балдардын жүрүш-турушуна, окуусуна ата-энелер же ага жоопкерчиликте болгон адамга милдеттендирилсин.

2. Окуучуларга мектепке уюлдук телефонду бербөө, алып келсе мугалимдерге тапшырып, күбөлүгү менен кошо окуу жылдын аягында берилсин.

3. “Бир адамдан- бир китеп” акциясына бардык ата-эне активдүү катышсын.

Чогулуштун төрагасы: Чотуралиев И. А

Ата-энелер комитетинин төрайымы: Сыдыкова Г

Ийри-Суу негизги мектебинин 9-класс окуучуларынын

ата-энелеринин чогулушу

Тема: Баланын келечеги ата-эненин колунда!

№3 Протоколу

Катышты:11

Себептүүсү:

Күн тартиби

1. I жарым жылдык отчет. Мыкты ата-эне, демөөрчүү ата-энени аныктоо. (слайд)
2. 2023 -жылга карата класстык иш-план менен тааныштыруу жана бекитүү.
3. Ата-энелер мектебине эки ата-эне көрсөтүү.

(бир аял, бир эркек)

1. Ата-энелер конференциясыга делегат ата-эне шайлоо
2. Уюштуруу иштери:

- Ата-энелер комитетине сөз
- Кесипке багыттоо СЕКОМ, РЕКОРД жана б.

Угулду: Күн тартиби менен класс жетекчи Джумалиева Г.А отурган ата-энелерди тааныштырды. Тарбия жөнүндөгү суроолор ар бир ата-энелерге берилди. Ар бир ата өзүн түшүнүгү боюнча суроолорго жооп беришти.

1-маселе боюнча класс жетекчи Джумалиева Г. А отчет берди. Сабактарга актив катышкан Түмөнбаева Ү үлгүлү ата-эне деп көрсөтүлдү, аны отурган жолдоштор бир добуштан тастыкташты.

2-маселе боюнча класстык иш план түзүлдү.

3-маселе боюнча жарыш сөзгө чыккандар Модулбекова М ата-энелер мектебине Сыдыкова Г көрсөтүштү, отурган жолдоштор аларды бир добуштан шайлашты.

4-маселе боюнча жарыш сөзгө чыккан Абдыраимова А демөөрчү ата-эне деп Медетова К көрсөттү, калган ата-энелер бир добуштан тастыкташты.

ТОКТОМ

1. Биринчи жарым жылдыктагы окуучулардын окуу тарбия иштери канаатандырарлык деп белгиленсин жана экинчи жарым жылдыкта мындан да жогорулатуу ар бир окуучуга жүктөтүлсүн, ал эми көзөмөлдөө ата-энелерден, класс жетекчиден суралсын.
2. Ата-энелер мектебине эки ата-эне: Сыдыков жана Модулбекова М көрсөтүлсүн.
3. Ата-энелерди өз ара сабактарга, мектептеги ата-энелер нөөмөтчүлүгүнө активдүү катышуусу күчөйтүрүлсүн. Балдарын өз убагында жакшы даярдык менен келүүсүнүн жоопкерчилиги ата-энелерге милдеттендирилсин.
4. Окуучуларды экзамендерге даярдоочу ийримдерге: “Секом”, “Рекорд” окуу борборлоруна активдүү катышуусу күчөйтүрүлсүн жана окуучуларды катышуусун көзөмөлдөө ата-энелерге, класс жетекчиге жүктөтүлсүн.
5. Ата-энелер конференциясына Сыдыкова катышып келүүсү милдеттендирилсин. Көзөмөлүү класс жетекчиге милдеттендирилсин.

Ата-энелер комитетинин төрайымы: Асырканова З

Кл. жетекчи: Джумалиева Г.А

Катчы:Медетова К